**Изденүүчү С.Ч.Осмоналиеванын «Жогорку окуу жайларынын педагогика факультетинин студенттерине окуучунун жазуу маданиятын калыптандырууну үйрөтүүнүн илимий дидактикалык негиздери» деген темадагы кандидаттык диссертациялык иши боюнча И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча уюштурулган Д13.23.673 диссертациялык кеңешинин эксперттик комиссиясынын**

**БҮТҮМҮ**

**Эксперттик комиссиянын мүчөсү**: педагогика илимдеринин доктору, доцент М.М.Сыдыкбаева.

Изденүүчү Осмоналиева Сабира Чоёновнананын «Жогорку окуу жайларынын педагогика факультетинин студенттерине окуучунун жазуу маданиятын калыптандырууну үйрөтүүнүн илимий дидактикалык негиздери» деген темадагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистигине ылайык педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишин карап чыгып, диссертация тууралуу төмөнкүлөрдү ырастайт.

**Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.**

Изденүүчү Осмоналиева Сабира Чоёновнананын «Жогорку окуу жайларынын педагогика факультетинин студенттерине окуучунун жазуу маданиятын калыптандырууну үйрөтүүнүн илимий дидактикалык негиздери» деген темадагы кандидаттык диссертациясы диссертациялык кеңештин профилине туура келет.

Иште 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистигинин паспортуна толугу менен жооп берүүчү жогорку окуу жайлардын педагогика факультеттеринин студенттерине окуучулардын жазуу маданияттарын калыптандырууга арналган теориялык жана практикалык изилдөөлөр жүргүзүлгөн.

**Диссертациялык иштин максаты.**

Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларынын педагогикалык факультетинин студенттерине окуучунун жазуу маданиятын калыптандыруунун теориялык негиздерин талдоо, илимий ыкмаларын иштеп чыгуу жана эксперименталдык текшерүү.

**Изилдөөнүн милдеттери:**

- Башталгыч класстын болочок мугалимдеринин профессионалдык педагогикалык даярдыгына байланыштуу маселелерге иликтөө жүргүзүү жана аларды жалпылаштыруу.
- Педагогикалык факультеттердеги студенттердин окуучунун жазуу маданиятын калыптандыруу процессинде болочок мугалимдин өзүнүн

профессионалдык педагогикалык маданиятын калыптандыруунун жолдорун жана каражаттарын табуу.

- Кыргыз тили, алиппе жана окуу предметтери аркылуу студенттин окуучунун жазуу маданиятын калыптандыруу боюнча профессионалдык даярдыгын калыптандыруу боюнча экперименталдык иштердин натыйжалуулугун аныктоо;
- Кыргыз тили, алиппе жана адабий окуу предметтери аркылуу болочок мугалимдин окуучусунун жазуу маданиятын калыптандыруу боюнча профессионалдык даярдыгынан алынган жыйынтыктардын, тыянактардын негизинде практикалык сунуштарды даярдоо.

**Диссертациянын изилдөө объектиси.**

Жогорку окуу жайларынын педагогика факультетинин студенттерине окуучунун жазуу маданиятын калыптандырууну үйрөтүүнүн илимий дидактикалык негиздерин өстүрүү боюнча шарттарды түзүү процесси.

**Изилдөөнүн методдору:** Изилдөөнүн темасы боюнча психологиялык, педагогикалык, усулдук эмгектерди талдоо жана колдонуу, сурамжылоо, аңгемелешүү, салыштыруу, баарлашуу, билим деңгээлин аныктоо, практикалык тажрыйбаларды талдоо жана жалпылаштыруу, педагогикалык эксперимент.

**Диссертациялык изилдөөнүн актуалдуулугу.**

Бүгүн кыргыз тилин өнүктүрүү мезгилдин орчундуу талабы. Ошого байланыштуу илимий иштин актуалдуулугу болуп, кенже мектеп курагындагы окуучулардын жазуу маданиятын үйрөнүүсүнүн учурдагы стратегиялары өзгөрүлгөн социалдык шарттарга айрым учурларда ылайык келбегендиги саналат. Инсанга багытталган билим берүү шарттарында, ошондой эле кенже мектеп жашындагы психолингвистикадагы кепти өнүктүрүүнүн аяктоочу мезгили катары таануу менен кенже мектеп окуучуларынын жазуу тилин жана жазуу маданиятын окутуунун алгачкы стадиясында калыптандыруу үчүн шарттарды түзүүнүн методдорун максаттуу издөө жана ишке киргизүүнүн объективдүү зарылдыгы кескин өсүүдө, ал программалык талаптар менен кенже мектеп окуучуларынын жазуу тилин, жазуу маданиятын өнүктүрүүнүн реалдуу деңгээлинин ортосундагы карама-каршылыктарды жоюуга мүмкүндүк берет. Иштин илимий-теориялык актуалдуулугу катары педагогикалык факультеттердин студенттерине болочоктогу окуучусунун сабаттуулугун жоюу маселесин изилдеген эмгектердин санынын аздыгы. Ошол себептүү учурда каллиграфия маселесинде бир катар көйгөйлүү жагдайлар көп эле кездешет.

С.Ч.Осмоналиева өзүнүн диссертациялык изилдөөсүндө кыргыз тилин окутууда өзгөчө кенже мектеп окуучуларынын жазуу маданияты боюнча илимий дидактикалык негиздерди карап, изилдеп, сабакта кандай тартипте, кантип колдонуунун илимий-методикалык жол-жоболорун атайын изилдөөгө алган. Мектеп мугалимдерине методикалык колдонмолордун зарылдыгы, алар үчүн методикалык жардамдардын жоктугун да баса көрсөткөн.

Мына ушундай зарылчылыктан улам, жогорку окуу жайларынын педагогика факультетинин студенттерине окуучунун жазуу маданиятын калыптандырууну үйрөтүүнүн, өстүрүүнүн шарттары, методикалык проблемалары тууралуу изилденгендиги иштин актуалдуулугун аныктайт.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык баалуулугу.**

- Республиканын жогорку окуу жайларынын педагогикалык факультетинде окуп жаткан студенттердин, башталгыч класстардын болочок мугалимдеринин окуучусунун жазуу маданиятын калыптандыруу ишиндеги профессионалдык педагогикалык даярдыгынын деңгээли аныкталды, анын маани-маңызы жана структуралык түзүмү такталды;
- Окуучунун жазуу маданиятын калыптандырууда студенттердин профессионалдык педагогикалык даярдыгын камсыздаган каражат жана форма, метод жана жогорку натыйжалуу технологияларынын иштелип чыккан, текшерүүдөн өткөн системасы түзүлдү;
- Башталгыч класс окуучусунун жазуу маданиятынын жекелик (индивидуалдык) мүнөздөрү эске алынып, окутуунун педагогикалык технологиялары (когнитивдик, коммуникативдик, рефлексиялык, аксиологиялык, социомаданий) иштелип чыкты;
- Жазуу маданиятын калыптандыруунун структуралык түзүмдөрү иштелип чыкты жана өнүктүрүлдү, кыргыз тили, алиппе жана адабий окуу сабактарында түзүлгөн окуучунун жазуу маданиятын калыптандыруудагы педагогикалык жана методикалык тийиштүү шарттарды сактоонун эсебинен ишке ашырылды;
- Башталгыч класстардагы кыргыз тили, алиппе жана адабий окуу боюнча тажрыйбалык грамматикалык жана жалпы адистик жөндөмдөр боюнча темаларды жакшы сиңирүү үчүн болочок педагогдордун индивидуалдык потенциалын, өз алдынчалыгын өстүрүү боюнча педагогикалык каражаттар түзүлдү.

**Диссертацияда чыгарылган ар бири илимий жыйынтыктын (жобонун) жана изденүүчүнүн корутундусунун жаңылыгынын деңгээли.**

**1-жыйынтык** жарым жартылай жаңы, себеби жогорку окуу жайларынын педагогикалык факультетинде окуп жаткан студенттердин, башталгыч класстардын болочок мугалимдеринин окуучусунун жазуу маданиятын калыптандыруу процессинде окуучулардын жазуу ишмердүүлүгүнүн психологиялык-педагогикалык мүнөздомөсү, жазуу маданиятын өркүндөтүүнүн мааниси, максаты, азыркы абалы иликтенген;

**2-жыйынтык** жаңы, себеби башталгыч класстардын окуучуларына кыргыз тили сабагында каллиграфияны туура колдонуу менен жазуу маданиятын калыптандырууга, өстүрүүгө багыттап үйрөтүүнүн методикалык негиздери иштелген;

**3-жыйынтык** жарым жартылай жаңы, себеби башталгыч класстардын окуучуларынын жазуу маданиятын калыптандыруу боюнча илимий эмгектерди изилдөө жана колдонуу иш тажрыйбалары иликтенген.

**4-жыйынтык** жаңы, себеби, кенже класстардын окуучуларынын жазуу маданиятын, каллиграфиясын өстүрүүдө ар түрдүү кырдаалдарда сүйлөшүү, маектешүү, көргөзүү, үйрөтүүү процессинде окуучулардын маалымат алуучулук, тилдик. кептик компетенттүүлүктөрүн өркүндөтүү менен бирге мугалимдерге зарыл болгон педагогикалык-дидактикалык, психологиялык, эстетикалык, тилдик методологиялык негиздери иликтенген.

**5-жыйынтык** жаңы, себеби башталгыч класстардын болочок мугалимдеринин кесиптик даярдыгын калыптандыруу, өстүрүү процессинде кыргыз тили, адабий окуу жана алиппе сабактарындагы жазуу жумуштарына калыптандырууну мындан ары өркүндөтүү боюнча сунуштар берилген.

**Алынган жыйынтыктардын практикалык баалуулугу.**

Изилдөөдөн алынган жыйынтыктар, конкреттүү сунуштар жогорку окуу жайларынын педагогика факультетинин студенттерине окуучунун жазуу маданиятын калыптандырууну үйрөтүүнүн илимий дидактикалык негиздери боюнча шарттарды түзүү аркылуу башталгыч класстардын окуучуларын окутуунун жаңы концепциясын иштеп чыгууга, окуу программалары менен окуу китептеринин жаңы муунун түзүүгө жана жазуу маданиятын калыптандырууга карата конкреттүү материалдарды, практикалык сунуштарды бере алгандыгы менен аныкталат.

Иштелип чыккан илимий - методикалык материалдар мектеп мугалимдерине башталгыч класстардын окуучуларын окутууда колдонуунун дидактикалык шарттары көрсөтүлгөн. Аталган эмгек окуучулардын билимин текшерүүдө, татаал процесстерди моделдөөдө. эксперименттерди жүргүзүүдө жана кийинки изилдөөчүлөргө база болуп берет.

Жогорку окуу жайларынын педагогика факультетинин студенттерине окуучунун жазуу маданиятын калыптандырууну үйрөтүүнүн, өстүрүүнүн дидактикалык негиздери, кенже класстардын окуучуларынын жазуу маданиятын өстүрүү, калыптандыруу, өркүндөтүү боюнча сунуштар мугалимдердин сабагын жаңылоого жардам берет жана методисттерге окуу программаларын, окуу китептерин, методикалык колдонмолорду жакшыртууда, окутуучуларга жогорку жана орто окуу жайларында курстук, дипломдук, магистрдик иш жаздырууда багыт көрсөтөт.

**Диссертациялык иштин материалдары төмөндөгү документтерде, материалдарда жана иштелмелерде колдонулган:**

- УАК талап кылган илимий-педагогикалык басылмаларда чагылдырылган;
- Илимий-практикалык конференцияларда баяндамалар жасалган;
- Сабактар, тренингдер өткөрүлгөн;
- Педагогикалык эксперименттерде текшерилген.

**Осмоналиева Сабира Чоёновнананын диссертациясынын материалдарын ишке ашыруунун жыйынтыктары боюнча төмөнкүдөй оң натыйжалар алынган:**

**Биринчи натыйжа:** Жогорку окуу жайларынын педагогика факультетинин студенттерине окуучунун жазуу маданиятын калыптандырууну үйрөтүүнүн илимий дидактикалык негиздери боюнча шарттарды түзүүнүн, калыптандыруунун максаты, милдеттери, негизги багыттары аныкталган;

**Экинчи натыйжа:** «Жазуу маданияты», «каллиграфия» түшүнүктөрүнө теориялык аспектиден анализ жүргүзүлгөн, жогорку окуу жайларынын педагогика факультетинин студенттерине окуучунун жазуу маданиятын калыптандырууну үйрөтүүнүн илимий дидактикалык негиздери боюнча шарттарды түзүү, башталгыч класстардын окуучуларынын жазуу маданиятын калыптандырууда окуучулардын каллиграфиялык сабаттуулугун өнүктүрүүнүн методикасы, методологиялык негиздери, методдору көрсөтүлгөн;

**Үчүнчү натыйжа:** Жогорку окуу жайларынын педагогика факультетинин студенттерине окуучунун жазуу маданиятын калыптандырууну үйрөтүүнү илимий дидактикалык негизде карап, жазуу маданиятын калыптандыруунун жана өркүндөтүүнүн оптималдуу ыкмалары жана жолдору сунуш кылынган, бул багыттар боюнча мугалимдердин, методисттердин педагогикалык иш-тажрыйбалары жыйынтыкталган;

**Төртүнчү натыйжа:** Сунуш кылынган методикалык ыкмалардын жана жолдордун эффективдүүлүгүн аныктоо үчүн педагогикалык эксперимент жүргүзүлгөн жана анын жыйынтыгы чагылдырылган.

**Изилдөөнүн негизги мазмуну төмөндөгү эмгектерде чагылдырылган:**

1. Сакиева С.С., Осмоналиева С.Ч. Профессор Каратай Сартбаевдин эмгектеринде орфографиялык сабаттуулукка үйрөтүү маселелеринин изилдениши. Илим. Билим. Техника. 2023. № 1 (76). С. 152-156. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=50354282
2. Осмоналиева С.Ч., Сакиева С.С. Башталгыч класстын окуучуларынын жазуу маданиятын калыптандыруунун педагогикалык шарттары Федералдык мамлекеттик бюджеттик жогорку билим беруу мекемеси "Россия мамлекеттик социалдык университетинин" Кыргыз Республикасынын Ош шаарындагы филиалынын жарчысы. 2023. № 1 (27). С. 204-210. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=54597516
3. Осмоналиева С.Ч., Сакиева С.С. Башталгыч класстын окуучуларына жазуу маданиятын калыптандырууну үйрөтүүнүн актуалдуулугу Федералдык мамлекеттик бюджеттик жогорку билим беруу мекемеси "Россия мамлекеттик социалдык университетинин" Кыргыз Республикасынын Ош шаарындагы филиалынын жарчысы. 2023. № 1 (27). С. 211-217. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=54597517
4. Осмоналиева С.Ч. Жогрку окуу жайларынын педагогика факультетинин студенттерине окуучунун жазуу маданиятын

калыптандыруунун үйрөтүүнүн актуалдуулугугу. Эл агартуу. 2022. № 7-8. С. 36-42 https://cloud.mail.ru/public/VhJd/EHrAM67MV

5. Сакиева С.С., Осмоналиева С.Ч. Башталгыч класстагы адабий билим берүү (адабий окуу предметинин мисалында) Alatoo Academic Studies. 2022. № 4. С. 110-116. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=50277615
6. Тажибаева Ж.К., Осмоналиева С.Ч. Инсанды калыптандыруудагы психологиялык, педагогикалык аспектилер. Вестник Жалал-Абадского государственного университета. 2021. № 2 (47). С. 98-103. file:///C:/Users/user/Downloads/2021-2%20(1).pdf
7. Шишкараева А.К., Осмоналиева С.Ч. Преемственность дошкольного образования в обучении учашихся начальных классов. Вестник Жалал-Абадского государственного университета. 2021. № 4 (49). С. 1. file:///C:/Users/user/Downloads/2021-4%20(4).pdf
8. Sakieva S.S., Osmonalieva S.Ch. LITERARY READING: READING SKILLS, THEORY AND PRACTICE. Известия Кыргызской академии образования. 2020. № 2 (51). С. 191-196. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=42311358
9. Сакиева С.С., Осмоналиева С.Ч. Башталгыч класста сөз өстүрүүнүн изилдениши, тажрыйбалары. Alatoo Academic Studies. 2020. № 2. С. 28-35. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=44236686
10. Сакиева С.С., Осмоналиева С.Ч. Башталгыч мектепте адабий окууга үйрөтүүнүн методикасынын изилдениши. Alatoo Academic Studies. 2020. № 3. С. 54-61. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=44451160
11. Темирбаева Г.К, Матисакова А, Осмоналиева С.Ч. Причины ухудшения памяти и пути улучшения его совершенствования. Вестник Жалал-Абадского государственного университета. 2016. № 2 (33). С. 2016-2.pdf
12. Ташкенбаева Ф.Р., Ураимов К.М., Мокуева Н.Ш., Осмоналиева С.Ч. Күнүмдүк сабак – бир чыгармага тете же бир күндүк сабактын иштелмеси жөнүндө. Bulletin Jalal-Abad State University. 2013. № 1 (27). С. 2013-1-2.pdf
13. Сакиева С.С., Мамбетова М.К., Осмоналиева С.Ч. Традиция и инновация в обучении литературы (1-статья) Известия ВУЗов (Кыргызстан). 2005. № 4. С. 40-42. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=26453313
14. Сакиева С.С., Осмоналиева С.Ч., Тобокелова С.А. Традиция и инновация в обучении кыргызского народа (2-статья). Известия ВУЗов (Кыргызстан). 2005. № 4. С. 180-181.

**Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши.**

Автореферат негизинен диссертациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максаттарына жана милдеттерине дал келет.

**Айрым мүчүлүштүктөр:**

3. Мамлекеттик тилди окутууну өркүндөтүүгө өбөлгө болууга концепция \ Китепте:Рысбаев С. Калем кармаган кол: Биобиблиография. Б., 2016. 177-181-бб.
4. Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү мекемелеринде кыргыз тилин эне тили катары окутуунун концепциясы. // "Улуттук университет", 2017, №3, май-июнь.
5. Азыркы шарттарда билим берүүнү илимий-методикалык жактан камсыздоо маселеси. // ИСИТО кабарлары. №1 (18), Б., 2017. 3-7-беттер.
6. Кыргыз тили сабагы жана кеп маданияты. // ИСИТО кабарлары. №1 (18), Б., 2017. 8-14-беттер.
7. Кыргыз тилин окутууга коюлуп жаткан азыркы талаптарды аткаруунун багыттары.// Ж.Баласагын атындагы КУУнун Жарчысы, 2019. №3-4, 50-53-б.
8. Эмне үчүн: "Канча тил билсең, ошончо жолу адамсың", - деп айтылат.// ИСИТО кабарлары. №1, Б., 2019. 174-178-беттер.
9. Кесиптик лицейлерде жалпы жана адистик предметтерди окутууга көрсөтмөлөр // "Улуттук университет", 2018. №2, май.

**Экинчи расмий оппонент** катары кыргыз тилин окутуунун теориясы менен практикасы боюнча адис, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Жороев Ташболот Абдыхайымовичти сунуштайт (13.00.02).
Анын эмгектери:

1. 5,6-класстарда кыргыз тили сабагында дидактикалык таркатма материалдарды колдонуу аркылуу традициялык искусствого тарбиялоо. //Окутуучулардын XXX илимий теориялык конференциясы, Ош, 1991, 1 б.
2. Кыргыз тилин чет элдиктерге үйрөтүүнүн айрым маселелери // Мамлекеттик тилдин изилдениши жана окутулушу. Республикалар аралык илимий-практикалык конференция, Ош, 1994 1,5 б.
3. Грамматикалык оюндар сабактын эффективдүүлүгүн жогорулатуунун каражаты катары // Республикалык илимий-теориялык крнференция, Ош, 1997, 1 б.
4. Кыргыз тилинин фонетикасы окутууда дидактикалык оюндарды пайдалануу // Мамлекеттик тил. Изилдениши жана окутулушу. Республикалык илимий-теориялык крнференция, Ош, 1998 3 б.
5. Кызыктуу кыргыз тили. Ребустар жыйнагы Басма Ош, 2000 6.25
**6.** Сынчыл ойлоону өстүрүү программасынын негизинде кыргыз тили сабагында текст түздүрүү // Труды международной научной конференции. Ош, 2001 5 б.
7. Фонетиканы окутуунун мааниси жана аны окутууда дидактикалык оюндарды колдонуу // Мамлекеттик тил. Окутулушу жана изилдениши. Республикалык илимий-теориялык конференция, Ош, 2001
8. Орто мектептин жогорку класстарында ой жүгүртүү мүнөзүндөгү тексттерди түздүрүүнүн айрым ыкмалары Басма Мамлекеттик тил. Окутулушу жана изилдениши. Республикалык конференция, Ош, 2001 7 б.

1.Изилдөө ишинин «Педагогика адистигинин студенттерине окуучунун жазуу маданиятын калыптандырууну үйрөтүүнүн жалпы маселелери жана проблеманын изилдениши» деп аталган 1-глава иштин негизги бөлүгү болуп саналат. Главанын 17-бетинен 23-бетке чейин изилдөөчү темадан алыстап, тиешеси жок маалыматтарды берген. Бул болсо жөн эле иштин көлөмүн көбөйтүүгө арналгандай. Кыскартуу зарыл.

2. Диссертациялык иштин мазмунуну менен диссертациялык иштин беттери туура келбейт. Оңдоо керек.

3. 1-3-главалар боюнча чыгарылган корутундулар жетишсиз. Толуктоо зарыл.

4. Диссертациялык иште, авторефератта практикалык сунуштарды тактоо керек. Көп берилген, кыскартуу сунушталат.

Көрсөтүлгөн кемчиликтерди оңдосо болот. Алар иштин жалпы аткарылыш деңгээлин, мазмунун алсыратпайт. Айтылган сунуштар, сын-пикирлер изилдөө ишинин сапаттык жактан көтөрүлүшүнө карата айтылды. Жогорку окуу жайларынын педагогика факультетинин студенттерине окуучунун жазуу маданиятын калыптандырууну үйрөтүүнүн илимий дидактикалык негиздерине арналган, толук иштелип чыккан эмгек деп эсептейм .

Диссертациялык иш, анын автореферати менен толук таанышып, окуп чыккандан кийин эксперт катары төмөнкүдөй бүтүмгө келдик:

С.Ч. Осмоналиеванын диссертациялык иши 13.00.02-окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча мындай иштерге коюлуучу талаптарга жооп берет.

Иш актуалдуу темага арналып, өз алдынча иштелип, толук бүткөн эмгек катары коргоого сунуш кылынат.

**Жетектөөчү уюмду, расмий оппоненттерди дайындоо жөнүндө сунуштун негиздүүлүгү.**

Диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясы жетектөөчү мекеме катары Ош МПУнун Башталгыч, мектепке чейинки билим берүүнүн теориясы жана усулу жана кыргыз тили жана адабияты кафедрасын сунуштайт. Аталган кафедрада сунушталган илимдин тармагы боюнча 1 илимдин доктору, 8 кандидаттары ж.б. адистер эмгектенет.

**Эксперттик комиссия расмий оппоненттер катары төмөнкү адистерди сунуш кылат.**

**Биринчи расмий оппонент** катары кыргыз тилин окутуунун теориясы менен практикасы боюнча адис, педагогика илимдеринин доктору, профессор Ж.А.Чымановду сунуш кылат (13.00.02). Анын эмгектери:

1. Орто мектепте кыргыз тилин окутуу процессинде түйүндүү жана предметтин белгиликтерди эриш-аркак өнүктүрүүгө карата кеңештер \ Ош мамлекеттин Жарчысы 2015. №4, 3-чыгарылышы. -296-300-бб.

2. Кыргыз тилин мамлекеттик тил катары өнүктүрүүгө жасылган аракеттер// Современник проблемы социально-гуманитарных наук: научной теоретически журнал. Казань, 2016, №3(5) 47-49-беттер

9.Тууранды сөздөрдү окутууда дидактикалык оюндарды жана окутуунун жаңы стратегияларын колдонуу // Материалы международной научно-практической конференции «Личность и воспитание: Роль оброзовательных технологий в современной школе». Ош, 2001 8 б.
10.Окуучуларды жазуу ишине көнүктүрүүдө окутуунун жаңы стратегияларын колдонуу. // Материалы республиканской научно-теоретической конференции «Актуальные проблемы естественных гуманитарных и технический наук» посвяшенной годовщине БатГУ. Кызыл-Кыя, 2003 6 б.
11.Кыргыз тили, практикалык курс //Окутуу орус, өзбек жана тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердин жогорку класстарынын окуучулары үчүн колдонмо, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бекитилген, Бишкек, 2020-ж.30 б.т.

Диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясы, сунуш кылынган документтерди карап чыгып, И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетине жана Ж.Баласагын атындагы улуттук университетине караштуу Д. 13.23.673 диссертациялык кеңешине 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн изденүүчү Осмоналиева Сабира Чоёновнананын «Жогорку окуу жайларынын педагогика факультетинин студенттерине окуучунун жазуу маданиятын калыптандырууну үйрөтүүнүн илимий дидактикалык негиздери» деген темадагы диссертациясын кабыл алууну сунуш кылат.

**Эксперттик комиссиянын мүчөсү,**
**педагогика илимдеринин доктору, доцент** **Сыдыкбаева М.М.**

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ

Дата поступления заключения в ДС Д13.23.673
14.05.2024г
Учен. секр. Осмурбаева

И. АРАБАЕВ атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Кыргызский государственный университет им И. Арабаева
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ